# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2022-жылдын 20-апрели № 57*

## Бишкек шаарын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу агенттиги жөнүндө

Бишкек шаарын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү камсыздоо чөйрөсүндө Бишкек шаарынын мэриясынын иш-аракетинин натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле инвестицияларды тартуу максатында, Бишкек шаарынын биринчи вице-мэри М.К.Байгончоковдун "Бишкек шаарын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу агенттиги жөнүндө" Бишкек шаарынын мэриясынын токтомунун долбооруна карата 2022-жылдын 12-апрелиндеги № МБ07-10/472 маалым катын эске алып, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43 жана 44-беренелерине ылайык

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. "Бишкек шаарынын мэриясынын Экономика жана инвестициялар департаменти" муниципалдык мекемеси "Бишкек шаарын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу агенттиги" мекемеси деп кайра аталсын.

2. Төмөндөгүлөр бекитилсин:

- Бишкек шаарын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу агенттиги жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу агенттигинин түзүмү 2-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу агенттигинин штаттык саны 3-тиркемеге ылайык.

3. Бишкек шаарын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу агенттиги белгиленген тартипте:

- юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өтсүн;

- ушул токтомдон келип чыккан башка чараларды көрсүн.

4. Ушул токтом менен анда көрсөтүлгөн маалыматтар, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү үчүн берилген документтердеги маалыматтар анык жана мыйзам менен белгиленген учурда юридикалык жактарды кайра каттоо маселеси тийиштүү мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы ырасталат.

5. Төмөндөгүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 22-январындагы № 2 "Бишкек шаарын өнүктүрүү агенттиги" мекемесинин фирмалык аталышын өзгөртүү жөнүндө" токтому;

- Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 2-февралындагы № 29 "Бишкек шаарынын мэриясынын Экономика жана инвестициялар департаменти" муниципалдык мекемесинин жобосун, түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтому.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын экономика жана финансы бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **Э.Абдыкадыров**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 20-апрелиндеги
№ 57 токтомуна
2-тиркеме

## Бишкек шаарын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу агенттигинин ТҮЗҮМҮ




**Биринчи вице-мэр** **М.Байгончоков**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 20-апрелиндеги
№ 57 токтомуна
3-тиркеме

## Бишкек шаарын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу агенттигинин ШТАТТЫК САНЫ

| № | Кызмат ордунун аталышы | Штаттык бирдиктердин саны |
|---|---|---|
| | **1. Жетекчилик** | |
| 1 | Директор | 1 |
| 2 | Директордун орун басары | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **2** |
| | **2. Инвестициялар бөлүмү** | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| 4 | Адис | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **7** |
| | **3. Экономика жана ишкердикти өнүктүрүү бөлүмү** | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 3 |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **7** |
| **4. Мониторинг бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 3 |
| 4 | Адис | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **8** |
| **5. Уюштуруу иштери бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| **6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу сектору** | | |
| 1 | Сектор башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **7. Техникалык тейлөөчү персонал (ТТП)** | | |
| 1 | Башкы бухгалтер | 1 |
| 2 | Материалдык бухгалтер | 1 |
| 3 | Катчы-референт | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **8. Кенже тейлөөчү персонал (КТП)** | | |
| 1 | Кызматтык автомобиль айдоочусу | 1 |
| 2 | Кызматтык жайларды тазалоочу | 1 |
| 3 | Короо тазалоочу | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **Бардыгы:** | | **37** |

**Биринчи вице-мэр** **М.Байгончоков**